# КЫРГЫЗ СТУДЕНТТЕРИ ШЕКСПИРДИН КОМЕДИЯСЫН ТҮРК ТИЛИНДЕ СҮЙЛӨТҮШТҮ

Өткөн аптада Түркиянын Анталия шаарындагы Акдеңиз университетинде өткөн студенттердин Эл аралык театралдык фестивалында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Театралдык өнөр бөлүмүнүн 3-курсунун студенттери улуу драматург Уильям Шекспирдин "Ашыктык арманы" комедиясын көрсөтүштү. Калыстар тобу Кыргызстандан барган студенттер Шекспирдин чыгармасын түрк тилинде профессионалдык деңгээлде чебер аткарышканына таң калып, өтө жогорку баа беришти. Спектаклди «Театралдык өнөр" бөлүмүнүн ага окутуучусу Ш.Дыйканбаев сахналаштырган.

Театралдык фестивалга Анкара, Чанкая, Эскишехир Осман Гази, Инөнү, Истамбул билги, Мимар Минан, Муула Сыткы Көчмани Улудаа университеттери жана Кыргызстандан жалгыз Кыргыз-Түрк "Манас" университети катышты.